# Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын

**ПРОТОКОЛУ №1**

**Өтүлгөн күнү: 06.09.2021**

**Күн тартиби:**

1. 2020-2021– окуу жылынын жыйынтыгы.

2. УБнин иш планы жана жылдык иш планды бекитүү

3. 2021-2022-окуу жылына коюлган максаттар менен тааныштыруу.

Катышкандар: 10

1.Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова Мырзагүл Бакасовна усулдук бирикменин мүчөлөрүн жаңы окуу жылы менен куттуктап ,2020-2021- окуу жылынын жыйынтыгына анализ жүргүздү. Ошондой эле быйылкы окуу жылында кандай өзгөрүүлөр боло тургандыгы менен тааныштырды . Август кеңешмесинде айтылган талаптар аткарылышы керек экендиги эскертилди.
2.Жаңы окуу жылына календарлык -тематикалык планды кайрадан карап чыгып, ар бир мугалим жаңы талапка ылайык түзүүсү керектиги айтылды. Быйылкы окуу жылы 15- сентябрда башталгандыктан каникул күндөрү да өзгөрдү. Окуу программасы жыл ичинде толук аткарылышы керектиги белгиледи.. Усулдук бирикменин жетекчиси Абакирова Р.О УБнин иш планы менен тааныштырып, ар бир мугалим жекече өздүк планын бекитүүсү керектигин айтты.
3. 2021-2022-окуу жылына төмөндөгү максаттар коюлду:
Окуучулардын жаш курагын эске алуу менен алардын жекече жөндөмдүүлүгүн өнүктүрүү. Башталгыч, ортоңку жана жогорку класстардын окуучулары үчүн тексттерди, көнүгүүлөрдүн топтомун карап чыгуу.Окуучуларга билим берүүдө алардын физикалык жана психикалык ден- соолугун сактоо, бекемдөө менен жагымдуу жагдай түзүү.Окуучулардын билим алууга кызыкчылыгын арттыруу.Окуучулардын сөз байлыгын өстүрүү максатында иш чараларды өткөрүү.Окуучулардын шыгын ачуу. Аралыктан окутуу мезгилинде окуучулардын жөндөмдүүлүгүн өстүрүү. Окуучулардын кыргыз тилинде көркөм окуусуна, окуп түшүнүүсүнө өзгөчө көңүл буруу.

Чечими:
1. УБ окуу жыл ичинде бекитилген план боюнча иш алып барсын
2. 2021-2022-окуу жылына коюлган милдеттерди ишке ашыруу максатында бардык окуу тарбия иштери жүргүзүлсүн.

Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын

**ПРОТОКОЛУ №2**

**Өтүлгөн күнү:** 20. 09. 2021

**Күн тартиби:**

1.2021-2022- окуу жылына календарлык тематикалык планды бекитүү.

2. 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн өткөрүү үчүн иш чаралардын планын түзүү. Декаданын планын бекитүү

Катышкандар: 10

1. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М. Б. календардык-тематикалык план окуу программасына ылайык түзүлүүсүн эскертти. Окуу жылы 15-сентябрдан башталгандыктан, чейректердин аралыгы да өзгөрдү. Окуу жыл ичинде 34 жумага тууралап, КТПдагы даталар жылдын аягына чейин коюлуусу керек.
2. 23 – сентябрь Мамлекеттик тил күнүн 32- жылдыгына карата ар бир мугалим ачык сабак, тарбиялык саат же иш-чара өткөрүүсү керек. Декада 20- сентябрдан 28- сентябрга чейин өткөрүлөт. УБнин мүчөлөрү төмөнкүдөй сабактарды өткөрө тургандыгын айтышты:

| | | |
|---|---|---|
| 1. Жолдошбекова М,Б | 11Б-кл. Сабак-таймаш | |
| 2. Абакирова Р.О | 5А-класс. Тарбиялык саат | |
| 3.Батырбекова А.А жана Кенжебаева М.И | 3А-класста ачык сабак | |
| 4. Калыбекова А.К. | 7Б-класста | Кербен окуу |
| 5. Жаныбек к.Э | 5К-класс | Ачык сабак |
| 6. Куланбаева Н.А | 1К-класс Тарбиялык саат | |
| 7. Мурсаева Г.К | 3К-класс Тарбиялык саат | |
| 8. Деркенбаева Г.Б | 2К-класс Тарбиялык саат | |

Чечими:

1. КТП 21- сентябрга чейин бекитилсин.

2. "Кыргыз Республикасыны Мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамынын кабыл алынганынын 32 жылдыгына карата түзүлгөн иш –чаралар планга ылайык өткөрүлсүн.

Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын

# Протоколу № 3

Өтүлгөн күнү: 12.10.21

Күн тартиби:

1.Жазуу иштеринин аткарылышы
2.5-кластарда сабактардын өтүшү ( адаптация убагы)
3.Окуучулардын билимин чейрекке карата алдын ала баалоо

Катышкандар: 10

1. 3-11 класстарда окуу планы боюнча 2 жазуу иши өткөрүлүшү керек. Бардык класстарда алгачкы билим деңгэлин текшерүү болду. Андан тышкары ар бир мугалим өткөргөн жазуу иштердин, тесттик тапшырмалардын бааларын журналга жана электрондук күндөлүккө коюп, балдар менен каталар үстүндө иштөөнү жүргүзүүсү керек экендигин үнин жетекчиси Абакирова Р.О белгиледи.

2. 5-класстардагы адаптация убагынын өтүшү, балдардын сабакка даярдануусун жана мугалимдердин ишин көрүү максатында мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б өз оюн айтты. Кыргыз тили жана адабият сабактарындагы дептерлерди текшерилип, андагы кетирилген кемчиликтерди оңдоо керектигин белгиледи. ( окуучулардын дептерлеринин сыртынын толук кыргыз тилинде жазылышы, үй тапшырманын көлөмү, мугалим тарабынан өз убагында текшерилиши)

3. Окучулардын чейректик баалары кандай жүрүп жатат? Ар бир мугалим чейректе жетишпеген окуучулардын класс жетекчиси менен, ата- энелер менен байланышып, сапаттуу билим берүүсү тийиш.

Чечими: 1. Жазуу иштери КТПга ылайык аткарылсын
2.5-класстар боюнча кемчилимктер четтетилсин
3. Сабакта жетишпеген окуучулар менен жеке иштер жүргүзүлсүн

Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын

Протоколу № 4

Өтүлгөн күнү: 10.11.21

Күн тартиби:

1. 1- чейректин жыйынтыгы.Окуу программасынын аткарылышы
2. Окуучуларды кыргыз тили боюнча олимпиадага даярдоо

Катышкандар: 10

1. 1-чейректин жыйынтыгы боюнча окуу программасынын бардык класстарда аткарылгандыгы жөнүндө мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М.Б белгиледи. Ар бир мугалим чейректин жыйынтыгы жана жазуу иштеринин аткарылышы боюнча отчет тапшырышты.

2. 9-11- класста иштеген мугалимдер Жолдошбекова М.Б. Карабаева Г.Т Калыбекова А.К Батырбекова А.А эң мыкты окуган окуучуларды олимпиадага даярдоосу керек. Мектеп ичинде олимпиада өткөрүп, жыйынтыгы боюнча райондук олимпиадага окуучуларды даярдашат.

Чечими:

1. 1- чейректин жыйынтыгы канааттандырарлык деп табылсын. Билим сапатын көтөрүү максатында ар бир мугалим мыкты окуган окуучулар менен жеке иштөөнү улантсын.

2. Мектеп ичинде олимпиада өткөрүлсүн

Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын

# Протоколу № 5

Өтүлгөн күнү: 02.12.21

Күн тартиби:

1. Окуучулардын жазуу жана сөздүк дептерлерин текшерүү
2. Биринчи жарым жылдыкта окуу планынын аткарылышы, чейректик алдын ала баалоо
3. «Манас» эпосуна арналган иш чараны өткөрүү
4. Залкар жазуучу Ч.Айтматовдун чынармачылыгы боюнча иш чараны пландоо

Катышкандар: 10

1. Мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбекова М. Б тарабынан 6-класстардын жазуу жана сөдүк дептерлери текшерилип, кетирилген кемчиликтерди ондоо, четтетүү керектиги айтылды. 6- класстарда сабак берген мугалимдер Карабаева Г.Т жана Жаныбек кызы Эльмарага дептерлердин сыртындагы каталарды ондоо, тапшырманын көлөмүнө , балдардын кол жазмасына көңүл буруу керектиги айтылды.

2. 2- чейректе баалары боюнча жетишпеген окуучуларга алдын ала жеке тапшырмалар берилип, класс жетекчилер менен, ата- энелер менен байланышка чыгуу керектигин Жолдошбекова М.Б белгиледи. Ошондой эле жазуу иштери да КТПга ылайык аткарылышы керек.

3. «Манас» күнүнө карата иш чараларды:

   Жаныбек кызы Эльмара 5К- класстын окуучулары менен «Манас» эпосунуан үзүндү айтышат. Ал окуучулар менен класстык сааттын убагында класстарга кирип айтып беришет. Абакирова Р.О. 3-кабаттагы стендди «Манас» эпосу боюнча даярдайт Карабаева Г.Т.«Манас» эпосу боюнча буклет даярдайт. Бардык мугалимдер 2Манас» эпосу боюнча жазуу иштерин же текст менен иштөө жүргүзүшөт.

4. Айтматов жумалыгын өткөрүү боюнча :

Бардык мугалимдер класстык саат өтүшөт.

Абакирова Р.О 5АБВГК- класстарын бириктирип актовый залда класстан тышкаркы иш чара өткөрөт.

Чечими:

1. Дептерлерди текшерүүдө кетирген каталар четтетилсин.
2. Сабакта жетишпеген окуучулар менен жеке иштерди жүргүзүү
3. «Манас» күнүнө карата иш чаралар план боюнча өткөрүлсүн
4. Айтматов жумалыгы планга ылайык өткөрүлсүн

# Кыргыз тили жана адабият усулдук бирикмесинин жыйынынын

# Протоколу № 6

**Өтүлгөн күнү:** 10.01.2021

**Күн тартиби:**

1.1- жарым жылдыкта окуу программасынын жана жазуу иштеринин аткарылышы 2-жарым жылдыкка КТПны бекитүү.
2. Февраль жана март айларына ачык сабактарды пландоо
3.Жалпы пед.кеңешмеге УБден доклад даярдоо

**Катышкандар: 10**

1. 1-жарым жылдык боюнча ар бир мугалим мамлекеттик тил боюнча директордун орун басары Жолдошбековага М.Б. отчет тапшырышты. Окуу программасынын жана жазуу иштери толук аткарылгандыгын билдиришти. 2- жарым жылдыкка даталарды коюп, окуу программасына ылайык бекитүү каралды.

2. УБнин бардык мүчөлөрү сентябрь айында өткөн декадада тарбиялык сааттарды жана класстан тышкаркы иш чараларды өткөрүшкөн. Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу максатында, мугалимдердин бири- биринин сабагына катышып тажрыйба алмашуу максатында февраль жана март айларында ар бир мугалим дагы бирден көрсөтмөлүү ачык сабак өткөрүүсү керек.

3. 2-жарым жылдыктын жыйынтыгы боюнча өтүлүүчү жалпы педагогикалык кеңешмеде кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикмесинен доклад окушубуз керек. Докладга жаш адистер Калыбекова А.К. жана Жаныбек кызы Элмара даярданышат.

Чечими:

1. 2- жарым жылдыкта КТП окуу программасына ылайык түзүлүп, жазуу иштери КТПга карап өткөрүлсүн
2. УБнин бардык мүчөлөрү февраль жана иарт айларында бирден ачык сабак өтүшсүн.
3. Жалпы педагогикалык кеңешмеге Калыбекова А.К жана Жаныбек кызы Элмара доклад окушат.